**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басарында болгон жыйындын П Р О Т О К О Л У**

**П Р О Т О К О Л заседания у заместителя Председателя Кабинета Министров Кыргызской Республики**

**« 14 » октября 2024 - ж.г.** **№___**

Катышкандар:
Присутствовали: Рысбекова Ж.Б., Капалбаев О.Э., Молдажиев К.И., Кудайбергенов Б.Ж., Момункулова Н.Б., Жумалиев З.К., Керималиев Ж.К., Дүйшеева Ж.К., Мамат уулу Ч., Байдавлетов К.К., Супаналиев Б.Т., Тургунбаев А.А., Абдиев Н.Т., Байшариев С.А., Мазарипов А.А., Аманкулов М.А., Усенова Н.Ж., Сатывалдиев А.В., Иргебаев Э.Н., Орозбаев И.А. Алимбаев А.К., Акматов М.Т., Далиев У.Э., Сапаров А.С., Джантаев Э.Н., Эдилов Т.Р., Джумагазиев К.С., Байгончоков М.К., Юсупов З.Б.

**2025-жылы Кыргыз Республикасында айыл-чарбасын каттоого даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча иш чаралар планы жөнүндө**

(Кудайбергенов, Жумалиев, Мадияров, Сатывалдиев, Кулубаев, Омошев, Торобаев)

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин төрагасы, Комиссиянын төрагасынын орун басары Б.Ж. Кудайбергеновдун 2025-жылы Кыргыз Республикасында айыл чарбасын каттоого даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча иш-чаралар планы жөнүндө жана Улуттук статистика комитетинин төрагасынын орун басары З.К. Жумалиевдин 2024-жылдын 1-ноябрынан 20-ноябрына чейинки мезгилде Ош облусунун Араван районунун Керме-Тоо жана Чек-Абад айыл аймактарында, Чүй облусунун Ысык-Ата районунун Краснореченский жана Милянфан айылдарында айыл чарбасын пилоттук каттоого даярдык көрүү жана өткөрүү жөнүндө маалыматтарды эске алып, Комиссиянын мүчөлөрү төмөнкүдөй чечим кабыл алды:

1. 2025-жылы Кыргыз Республикасында айыл чарба каттоосуна даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча иш-чаралар планы талкууда айтылган сын-пикирлерди эске алып бекитилсин.

2. Иш-чаралар планынын сапаттуу жана өз убагында аткарылышы үчүн тиешелүү министрликтер жана ведомстволордун жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мамлекеттик органдарынын жетекчилерине жана Бишкек, Ош мэрлерине жеке жоопкерчиликтер жүктөлсүн.

3. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

– иш-чаралар планын белгиленген мөөнөттө аткаруу боюнча конкреттүү чараларды кабыл алсын;

– квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 15инен кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетине иш-чаралар планынын аткарылышы жөнүндө маалыматты берип турсун.

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 25инен кечиктирбестен республикалык

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

комиссияга иш-чаралар планынын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө маалымдап турсун.

5. 2024-жылы айыл чарбасын пилоттук каттоону өткөрүүнүн календардык иш планы бекитилсин.

6. 2024-жылы айыл чарбасын пилоттук каттоо үчүн иштелип чыккан формалар бекитилсин.

7. Ош облусунун Араван, Чүй облусунун Ысык-Ата райондорунун акимдери:

– 2024-жылы айыл чарбасын пилоттук каттоону өткөрүүнүн календардык иш планын аткаруу боюнча кечиктирилгис чараларды көрсүн;

– 2024-жылы айыл чарбасын пилоттук каттоону өткөрүүнүн жыйынтыгы менен отчетторун угууну кийинки Республикалык комиссиянын жыйынынын күн тартибине койсун.

8. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Ош облусунун Араван жана Чүй облусунун Ысык-Ата райондорунда өтүүчү пилоттук айыл чарба каттоого өз өкүлдөрүн тажрыйба алуу максатында жиберсин.

9. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрияларына берилген аймактык статистика органдарынын чыгымдарынын сметасына жана эсептөөлөрүнө ылайык 2025-жылы жергиликтүү бюджетте айыл чарбасын каттоого даярдык көрүүнү жана өткөрүүнү камсыз кылуу боюнча иш-чараларды каржылоого каражаттарды максаттуу бөлүү сунушталсын.

10. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомуна ылайык айыл чарба каттоосу 2024-жылдын 1-ноябрынан 20-ноябрына чейин пландаштырылган, бирок жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо 17-ноябрга белгиленгендигине байланыштуу, айыл чарбасын пилоттук каттоону өткөрүүнү 2024-жылдын 18-ноябрынан 7-декабрына жылдыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоорун иштеп чыгуу Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетине жүктөлсүн.

11. Бул протоколдун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасынын**
**орун басары – Кыргыз Республикасынын**
**суу ресурстары, айыл чарба**
**жана кайра иштетүү**
**өнөр жайы министри** **Б.Э. Торобаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН